DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.059

*Жумабаева Д.С.*

# НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ИНСТИТУТТАРЫНЫН ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ӨНҮГҮШҮ

*Жумабаева Д.С.*

# ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНОЕ РАЗВИТИЕ ИНСТИТУТОВ БРАКА И СЕМЬИ

*D. Jumabaeva*

# HISTORICAL AND CULTURAL DEVELOPMENT OF MARRIAGE AND FAMILY INSTITUTIONS

*УДК: 37.018:130.2.316.36*

*Кыргыз эли абдан байыркы эл, ошол эле учурда улуттук каада-салтын, үрп-адатын муундан-муунга өткөрүп, сактап келген эл. Оозеки-фольклордук чыгармаларда, эпостордо, макал-лакаптарда, поэмаларында, прозаларында үй-бүлөлүк баалуулуктарга басым жасап, аларды тарбиялоодо колдонуп, натыйжалуусун тандап, анча маанилүү эместерин бара-бара унутта калтырган, уникалдуу маданиятты алып жүргөн кыргыз журтчулугунун нике жана үй-бүлө институттарын бекем аздектеп, көкүрөгүндө алып жүргөнү суктандырат. Мындан ары да кыргыз элинин улуттук каада-салттарын, нарк-насилин изилдөө, аларды тарбия берүүдө колдонуу билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарына киргүүсү зарыл. Макалада нике жана үй-бүлө институттарынын тарыхый-маданий өнүгүшүнө талдоо жүргүзүлгөн. Алгачкы общиналык коомдон баштап азыркы мезгилге чейин никенин жана үй-бүлөнүн тарыхый өнүгүү этаптарына мүнөздөмө берилди. Байыркы Римдеги, Байыркы Египеттеги, Байыркы Грециядагы жана кыргыз элиндеги никенин өзгөчөлүктөрү изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *каада-салт, тарбия берүү, нике, үй-бүлө, моногамия, полигамия, эндогамия, экзогамия, левират.*

*Кыргызский народ является одним из самых древних в истории, в то же время он смог сохранить и передавать из поколение в поколение свои национальные традиции и обычаи. Нужно отметить уникальность этого народа, который носит и хранит в своем сердце институты брака, семьи, делает акцент на семейные ценности в устно-фольклорных произведениях, эпосах, пословицах и поговорках, поэмах, прозах, а также использует их в процессе воспитания, выбирает самых эффективных и со временем отдает забвению менее полезные. В дальнейшем исследование традиций, обычаев и ценностей кыргызского народа, использование их в воспитании детей должно включаться в приоритетные направления системы образования. В статье проводится анализ культурно-исторического развития институтов брака и семьи. Охарактеризованы исторические этапы брака и семьи от первобытно-общинного строя до современности. Исследованы особенности института брака в Древнем Риме, Древнем Египте, Древней Греции и кыргызского народа.*

***Ключевые слова:*** *традиции, воспитание, брак, семья, моногамия, полигамия, эндогамия, экзогамия, левират.*

*The Kyrgyz are a very ancient, but at the same time they preserve national traditions and customs from generation to generation. The oral folk, epics, proverbs, poems, prose focusing on family values, analyzing their effectiveness in education, it gradually excluded insignificant, it is admirable that the Kyrgyz carries of a unique culture, have great respect for the institutions of marriage and family. The study of the national traditions and values of the Kyrgyz people, their practice in education should be included in the priorities of education. The article analyzes the historical and cultural development of marriage and family institutions. The historical stages of marriage and family development from early communal society to the present day are characterized. The features marriage institution in Ancient Rome, Ancient Egypt, Ancient Greece in Kyrgyz people are explored.*

***Key words:*** *traditions, upbringing, marriage, family, monogamy, polygamy, endogamy, exogamy, levirate.*

Ар бир адамдын жашоосунда үй-бүлө өзгөчө орунду ээлейт. Үй-бүлөдө бала личность катары калыптанат, өнүгөт, адамдар ортосундагы мамилелерди өздөштүрөт, жакшы менен жаманды, ак менен караны ажыратат. Балдар бой жетип өздөрү үй-бүлө курганда алар ата-энесинин үйүндө көргөндөрүнүн баарын кайталашат. Ошондуктан кыргыз элинде: “Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат”, - деген накыл сөз бар. Үй-бүлөдө баланын айлана-чөйрөгө карата мамилеси калыптанат, адеп-ахлактык тажрыйбасы байыйт. Үй-бүлө өзүнүн социалдаштыруу функциясын аткаруу менен анын руханий, маданий деңгээлинен көз каранды болгон личностту калыптандырат. Үй-бүлөдөгү жашоо-шарт, гигиена, жүрүм-турум эрежелери булардын баары мамлкеттин социалдык саясатына жараша болот. Ошол эле учурда үй-бүлөнүн абалынан мамлекетин эртеңки жашоосу көз каранды болушу ыктымал.

Үй-бүлө өсүп келе жаткан жаш муунду социалдаштыруучу маанилүү коомдук институт. Үй-бүлөлүк мамилелер мораль жана укук нормалары аркылуу жөнгө салынат. Алардын негизин нике түзөт.

Адамзат тарыхында жубайлардын (эркек менен аялдын) ортосундагы мамилелердин бир нече формалары алмашып жүрүп отурган. Мындай мамилелердин кээ бири кандайдыр бир уруулук түзүлүшкө таандык болсо, ал эми башкасы бүтүндөй элге, улутка же мамлекетке тиешелүү болгон. Бирок алардын баары коомдун өнүгүшүнүн белгилүү бир социалдык-экономикалык деңгээлине туура келген. Алгачкы общиналык коомдо баш-аламан жыныстык мамилелер орун алган, анткени али үрп-адат, үй-бүлө институту калыптана элек мезгил эле. Бир тууган эркек бала менен кыз баланын, ата менен кыздын, эне менен уулдун же

башка жакын туугандардын ортосундагы жыныстык мамилелер кадимки эле көрүнүш болуп эсептелген.

Адамдар ортосундагы ушул сыяктуу баш-аламан жыныстык мамилелер промискуитет (лат.тил.котор. promiscuis - аралаш, жалпы) деп аталат. Ар бир эркек бүтүндөй уруудагы ар бир аялга же общинага тиешелүү болгон. Ар бир аял да общинадагы ар бир эркекке тиешелүү болгон. Бул көрүнүш эндогамия деп аталат м.а. уруунун ичиндеги нике. Мындай мамилелер акырындап алгачкы общиналык коомго тартипсиздикти, анархияны алып келген (аңчылыкка даярдануу учурунда пайда болгон чыр-чатактар, уруш-жаңжалдар). Уруунун, общинанын ичиндеги тартипсиздик коомдогу өндүрүштүк мамилелерди бузуп, уруунун жок болуп кетүү коркунучу туулган. Ошентип эң алгач жыныстык табу – бир уруунун ичиндеги эркек менен аялдын ортосунда жыныстык жакындыкка тыюу салуу ойлонуп табылган. Табуну бузгандар уруу өкүлдөрү тарабынан катуу жазаларга туш болушкан [1, 3-4-бб.].

Алгачкы общиналык коомдун эң алгачкы этаптарында тектин (уруунун) пайда болушу менен бирге группалык нике пайда болгон. Группалык никенин мындай формасы экзогамия деп аталат, башкача айтканда экзогамия текке (урууга) тиешелүү бир да адам менен жыныстык жакындыкка барууга тыюу салган, ал эми башка тектин (уруунун) өкүлү менен жакындашууга жол берген. Окумуштуулар экзогамиянын келип чыгышы боюнча бир нече көз караштарды белгилешет. Биринчиден уруунун ичиндеги адамдардын никесинен кандайдыр бир аномалдуулугу бар балдардын төрөлүшү. Экинчиден, жашоонун кыйынчылыгы акырындап социалдык байланыштарды кеңейтүүнү талап кылган, башка уруулар менен мамиле түзүү маанилүү болгон. Себеби аңчылыкка чыкканда белгилүү бир аймактар уруулар ортосунда бөлүнүп, алардын чектери абдан катуу корголгон. Үчүнчүдөн, уруунун ичинде бир топ конфликттер азайган. Анткени мурда конфликттердин көбү жыныстык мамилелердин урyy ичиндеги көптүгүнөн келип чыкчу. Барган сайын бир эркек менен бир аял жупка биригип, никенин азыркы формасына жакындашкан. Бирок бул коомдогу нике үй-бүлө курууга алып келе элек болчу. Төрөлгөн балдар бүткүл урууга таандык болуу менен жалпы общинада тарбияланышкан. Экзогамдык никенин артыкчылыктары тез эле билине баштаган. Акыл-эси нормалдуу, физикалык же психикалык өнүгүүсүндө кемчиликтери (дефекти) жок балдар төрөлгөн.

Алгачкы общиналык коом өнүккөн сайын адамдар группалык никеден жуптук никеге (моногамия) өтө башташкан. Моногамия матриархаттык түзүлүштүн келип чыгышына түрткү болгон. Себеби аталыкты аныктоо мүмкүн эмес болгон, бир аялдан төрөлгөн бир нече бала ошол аялдын уруусуна тиешелүү деп эсептелген. Нике мамилелери эки тараптын кимисинин болсо да демилгеси менен бузула берген, бирок балдар энесине гана таандык болушкан. Жашоо-тиричиликтин баары уруулук тузүлүштүн ичинде өткөн [1,5].

Ошентип алгачкы общиналык коомдогу эркек менен аялдын ортосундагы баш-аламан жыныстык мамилелерди жөнгө салууда эң маанилүү кадам ата-энелер менен балдардын ортосундагы сексуалдык байланышка тыюу салуу болгон. Бул тыюу салууну коомдогу никеге чейинки мезгилди, адамдардын жыныстык жашоосу алардын табияты менен гана аныкталган жана нике пайда болгондон кийинки убакыттын ортосундагы тарыхый чек катары эсептөөгө болот. Группалык нике таш доорунун аягына чейин созулган.

Коло жана темир доорлорунда жер иштетүү, эмгек өндүрүмдүүлүгү бир топ жолго коюла баштаган. Эми ар бир үй-бүлө өзүнүн балдарын багууга, чарба жүргүзүүгө кудурети жеткен, ошондуктан алар акырындап уруудан бөлүнүп чыга башташкан. Эркек менен аялдын ортосундагы мамилелер барган сайын туруктуу мүнөзгө өтүп, үй-бүлөдө атанын ролу чоңоё баштаган. Матриархалдык үй-бүлөлүк система патриархалдык формага өтүп, бир туугандык белгилер ата аркылуу аныкталган. Патриархалдык үй-бүлө бир эле моногамиялык эмес, кээде полигамиялык (көп никелүүлүк) түзүлүштө да болон. Полигамия эки формада болот: полигиния (көп аял алуу) жана полиандрия (көп күйөгө чыгуу). Полиандрия бир аялдын бир нече күйөсү көп учурда бир туугандар болгондугу менен мүнөздөлөт [2, 74-б.]. Америкалык антрополог Джорж Питер Мёрдок 1949-жылы изилдөө жүргүзүп, 145 урууда полигиния (бир эркек менен бир нече аялдын никеси), 40 урууда моногамия (бир эркек менен бир аялдын никеси), 2 урууда полиандрия бар экендигин аныктаган.

Эмне үчүн кээ бир уруулук коомдо никенин бир формасы, башкасында тескерисинче такыр башка формасы колдонулгандыгын окумуштуулар социалдык-экономикалык факторлор менен түшүндүрүшкөн. Мисалы, Сибирдеги чукча эли бугу кайтарып жан баккандыктан бир эркек жана ага жардам берген бир нече аял керек болгон. Ошондуктан алардын көпчүлүгү полигиниялык никеде турушкан. Ал эми Тибетте үй-бүлөгө тиешелүү жер ата-бабаларынан балдарына мурас катары берилген. Бирок ал жер бир туугандардын ар бирине үлүш катары бөлүнгөн эмес. Ошондуктан бир тууган ага-инилер жалпы бир жерди иштетип, бир аялга үйлөнүшкөн.

Жуптук никенин келип чыгышы эркек менен аялдын ортосундагы жыныстык мамилелердин туруктуу болуу муктаждыгынан улам пайда болгон. Барган сайын эркек үй-бүлөнү баккандыктан никенин мүнөзү бир топ өзгөргөн. Нике жыныстык мамилелерди

эле жөнгө салбастан үй-бүлө куруу, аны багуу, балдарды тарбиялоо сыяктуу функцияларды аткарууга аргасыз болгон.

Байыркы Кытайда алгачкылардан болуп философ Конфуций салттуу нике жөнүндө өз ойлорун жазып калтырган. Анын пикири боюнча эркек менен аял инь жана янь (эркектин жана аялдын башталмасы) болгондуктан бири-биринин кемчиликтерин билгизбей, толуктап туруш керек. Салттуу никенин эрежелерине ылайык алар алгач баш кошуп, андан соң гана бири-бирин сүйүш керек болгон. Ал эми Байыркы Грецияда никелешүү жана үй-бүлө куруу көйгөйлөрүнө байыркы философтор Сократ, Аристотель, Платон кайрылышкан. “Үйлөнүшүм керекпи же жокпу?”-деген жигиттердин суроого Сократ “Үйлөнсөң да үйлөнбөсөн да болот, баары бир өкүнөсүн,”-деп жооп берген. Сократ өзү үй-бүлө курууга шашылган эмес, ал кырктын кырында үйлөнгөн. Анын ою боюнча сүйүү сезими кол жеткис бийик сезим, сүйгөн адам сүйгөнүнө ачка киши тамакка, кедей байлыкка зар болгондой эле тартылат. Сүйүү эки адамдын өз муктаждыктарын канааттандырууга, кемчиликтерин жоюуга багытталган биримдиги деп эсептейт. Ал эми Платондун үй-бүлө тууралуу көз караштары башкалардан кескин айырмаланган. Ал үй-бүлөнү коомдун эң алгачкы уячасы деп атап: “Мамлекет үй-бүлөлөрдүн көптүгүнөн пайда болот”, - деген. Бирок Платон өзүнүн “Идеалдуу мамлекет” долбоорунда үй-бүлөнүн коомдук институт катары баалуулугун жокко чыгарып, мамлекет үчүн коркунуч туудурат деп түшүндүрөт. Коомдогу биримдик күчтүү болушу үчүн аялдарды, балдарды жана мүлктү ортого коюу керектигин белгилеген, менчикке каршы болгон. Ал эми эркек менен аялдын жакындыгы бир гана тукум улоо үчүн түзүлүш керек. Сүйүүнүн эң башкы формасы Платон үчүн акылмандуулукту сүйүү болуп эсептелет [2, 4].

Аристотель Сократ менен Платонго караганда башкача ой жүгүрткөн, аны патриархалдык теориянын атасы деп койсо да болот. Аристотель үчүн үй-бүлө адамдардын экономикалык, социалдык көйгөйлөрүн чечүү үчүн эле эмес, алардын толук кандуу жашоосунун табигый, жалгыз формасы катары саналат. Анын ою боюнча үй-бүлө мамлекеттин көрүнүшү, анткени үй-бүлөлөрдөн уруу, уруулардан община, общиналардан мамлекет куралат. Ошондой эле үй-бүлөдө эң башкы роль атага (монарх) тиешелүү, ал башка үй-бүлө мүчөлөрүнө (элге) кам көрүүсү зарыл [2, 5].

Ошентип байыркы доордогу нике жана үй-бүлөнүн философиялык концепциясы аны эң ириде экономикалык жана чарбалык түзүм (структура) катары чагылдырат. Никенин негизги маңызы балалуу болуу, атанын мурасын алып калуу менен түшүндүрүлөт. Үй-бүлө руханий баалуулук катары эсептелинбейт, ал мамлекеттин бир элементи, адамдардын күндөлүк муктаждыктарын канааттандыруучу объект катары кызмат кылат.

Орто кылымдарда үй-бүлө жана нике аң сезимдүү эволюциянын кызыкчылыктарын коргогон маанилүү социалдык институтка айланат. Үй-бүлө жана туугандык мамилелер базалык социалдык структура болуп эсептелген. Анткени алар тукумду улантуу эле эмес жашоо үчүн керектүү каражаттарды пайда кылышкан. Үй-бүлөнү башкаруу формасы негизинен патриархалдык мүнөздө болгон, андагы өз-ара ички мамилелер Библия аркылуу жөнгө салынган [2, 7]. Бирок чиркөөнүн таасири адамдардын күндөлүк жашоосуна абдан күчтүү тийгендиктен, өзүн Кудайга арнаган адамдар үй-бүлө курушкан эмес. Никедеги жубайлык мамилелер бир гана балалуу болуу үчүн түзүлүш керек деп түшүндүрүлгөн. Үй-бүлөнүн баалуулугу чиркөө үчүн маанилүү болгон.

VII кылымдан баштап ислам дини азыркы Мекке жана Медина шаарларынын аймагында күчтүү өнүгө баштаган. Шариаттын (ислам дининдеги мыйзамдардын, жүрүм-турум нормаларынын жыйнагы) мыйзамдарына ылайык ар бир мусулман адам үй-бүлө курууга милдеттендирилген, кыз бала 9 жашында, эркек бала 12 жашында балакатка жеткендиктен дал ошол курактан баштап никеге турууга жол берилген. Мухаммед пайгамбар Айша аттуу аялына ал тогуз жашка чыкканда үйлөнгөн. Мусулман эркек кишиге шариат боюнча 4 аял менен бир эле учурда жашоого уруксат берилген. Андан сырткары күң аялдарды да аялдыкка алууга мүмкүн болгон. Эркек киши бардык аялдарын алардын ордуна ылайык тамак-аш, кийим-кече, үй-жай менен камсыз кылууга милдеттүү болгон. Иш жүзүндө бир нече аялды багууга же гарем кармоого бир гана байлардын кудурети жеткен. Аялдын укуктарынын эркектин укуктарына караганда аз болушун алар Курандагы: “Күйөлөр аялдарынан жогору турушат, анткени Кудай экинчилерден биринчилерге артыкчылык берди. Ошондуктан эркек өз мүлкүнөн аялдарга сарптайт”, - деген аятка таянып айтышат. Куран эркектерге өз аялдарына карата жаза колдонуу укугун да берген. Мисалы, аялы тил укпай койгондугу үчүн күйөсү аны сабаган. Ошондой эле ислам дининде үй-бүлөнүн ажырашуу процедурасы да так иштелип чыккан. 4 никенин каалаганы эркек кишинин каалоосу менен бузулган, ал себебин түшүндүрбөстөн эле аялына “талак” бере алган. “Талак” деген сөз эркектин оозунан чыкса, ал юридикалык күчкө ээ болгон. Ажырашкандан кийин күйөсү аялына өз мүлкүнүн кандайдыр бир бөлүгүн берген. Аял ажырашкан күндөн баштап үч ай бою күйөсүнүн үйүндө жашаган, анткени, эгер ал кош бойлуу болсо анда ошол убакыт аралыгында билинген. Эгер аялдын кош бойлуу экендиги аныкталып, бала төрөсө, анда төрөлгөн бала атасынын үйүндө калтырылган. Ошондой эле абдан оор жагдайларда “үч талак берүү” адаты да ишке ашкан. Эгер эркек өз аялы менен такыр турмушун уланткысы

келбесе, анда ал аялына күбөлөрдүн алдында же жазуу түрүндө “үч талак” бере алган. Бул кайра жарашуунун эч бир жолу жок дегенди билдирет.

Байыркы Руста “нике” деген сөз чиркөө, христианчылык менен тыгыз байланыштуу болгон. Чиркөө нике институтун Иисус Христос менен чиркөөнүн бириккен союзундай эркек менен аял бир денеге биригет жана алар бир бүтүн болот деп түшүндүргөн. Мамлекет үй-бүлөнүн ички иштерине дээрлик киришкен эмес, бирок ага толук өз алдынчалыкты ыйгаруу менен үй-бүлөнүн бекемдигин сактоого аракеттенген. Үй-бүлөнүн бекемдигин, туруктуулугун сактоо максатында мамлекет да, чиркөө да ажырашууга каршы турушкан. Католиктик агымда азыркы күнгө чейин: “Кудай кошконду адам ажыратпасын”, - деген мыйзам күчүндө турат. Ошол эле үй-бүлө узак жашап, бекем сакталышы үчүн аялга эркек кам көрүп, ал эми балдар үй-бүлөгө таандык болушкан. Россиядагы патриархалдык үй-бүлө эреже катары бир нече муундан түзүлгөн. Анын башында атасы, анын дүйнөдөн көзү өткөндөн кийин эң улуу баласы турган. Алардын сөзүн үй-бүлө мүчөлөрү кыйшаюсуз аткарышкан [3, 129-131].

Кайра жаралуу доорунда (XV-XVII) чиркөөнүн таасири бир топ алсыздап, байыркы доордогу баалуулуктар кайрадан жандана баштаган. Гуманизм, антропоцентризм принциптери биринчи орунга чыккан. Бай аялдар денесинин ачык жерлерин көрсөткөн кооз көйнөктөрдү кийишип, беттерин боёп, окуу жайлардан билим алышкан. Ошентип сулуу аялдын культу пайда болгон, коомдук баалуулуктардан үй-бүлөлүк баалуулуктар салттуу түрдө бөлүнүп чыккан. Китеп басып чыгаруу өнүгө баштагандыктан бир гана диний чөйрөдөгү адамдар эмес, сабаттуу адамдардын баары китеп окуй башташат. Орто кылымдардагы чектөөлөр өз күчүн бир топ жоготуп, анын натыйжасында искусство, маданият, адабият өнүккөн. XV кылымда Борбордук Европада тарыхта белгилүү болгон реформатор Мартин Лютер (1483-1546) “Никенин максаты өзүнөн кийин муун калтыруу жана жубайлардын өз-ара бири-бирине болгон тазалыгы” деп эсептеген [1, 32]. Анткени ошол мезгилдеги коомдо ойноштук абдан күч алып, көптөгөн үй-бүлөлөр кыйроого учураган. XV кылымда Германияда, Голландияда, Скандинавияда, Шотландияда никени эркек менен аялдын ортосундагы руханий биримдик катары карашкан.

Жаңы доордо никелешүү процесси укуктук келишимге жакын нерсе катары каралган. Сүйүү, жубайлардын бири-бирине кыянаттык кылбоо сезимдери эскирип, утурумдук мамилелер көбөйгөн. XVIII кылымдын ортосуна чейин ийгиликке жетүү үчүн сөзсүз никеде туруу керек деген пикир коомдо басымдуулук кылып турган. Аял үйдүн очогун жандыруучу, тиричилик элементтерин пайда кылуучу субъект, ал эми эркек сырттагы жумуштар менен алектенген, үй-бүлөнү терс факторлордон коргоп турган таяныч катары каралган. Жаңы доордогу классикалык немец философтору сүйүү жана никеге ар түрдүүчө баа беришкен. Жан-Жак Руссо “...бардык коомдордун эң байыркы, жалгыз, табигый формасы үй-бүлө. Үй-бүлө саясий коомдун алгачкы үлгүсү, ата-башчынын прообразы, балдар-элдин прообразы” - деп белгилеген [2, 7]. И.Кант никени эркиндик менен зарылчылыктын диалектикасына негизделген келишим катары эсептеп, сүйүүнү баш-аламан ашыкча элемент деп атаган. Сүйүүнүн ордуна жубайлардын ортосунда бекем достук, бири-бирине ишенүү, акылмандуулук болуш керектигин баса белгилеген.

XIX кылымдагы немец философторунун (И.Кант, Г.Гегель, А.Шопенгауэр, Ф.Ницще) эмгектеринде сүйүү жана үй-бүлө, сүйүү жана нике түшүнүктөрүнүн айкалышы терең изилденген. Алар “нике” жана “үй-бүлө” түшүнүктөрүн синоним катары карашып, жогорудагы терминдер ажырагыс, бир бүтүн субстанция, жубайлар өмүр бою бири-биринен ажырабаш керек деп ырасташкан. И.Кант, А.Шопенгауэр, Л.Г. Морган нике менен үй-бүлөнүн түпкү маңызы адамзаттын өзүнөн кийин муун калтыруу муктаждыгынан улам келип чыгат б.а. балалуу болуу үй-бүлөнүн эң маанилүү кызматы деп эсептешкен [4, 87-б.].

Ал эми Гегель үй-бүлөнүн патриархалдык структурасын колдоп, эркек аялын жана балдарын өтө катуу кармаш керек деп түшүндүргөн. Сүйүүнү Гегель баш-аламан, алдын ала айтууга мүмкүн эмес сезим болгондуктан ага таянуу акылга сыйбастыгын агийнелеген. Ал эми Фихте тескерисинче сүйүүнү табият менен аң сезимдин гармониялык биригүүсү катары караган. Анын ою боюнча сүйүү биринчи кезекте аялга мүнөздүү, ал эми эркектин табияты айкөл болгондуктан ал терең, жалгыз сезимге баш ийүүгө жөндөмсүз. Идеалисттик мүнөздөгү философтор И.Фихте, В.С. Соловьев үй-бүлөнүн булагын адамзат тукумун улоо эмес, эркек менен аялдын өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусу катары карашкан [4, 91-б.].

Жогорудагы ойчулдардын баары жубайлардын ортосундагы сүйүү сезимин ар түрдүүчө чечмелегендигине карабастан, эркек менен аялдын никеси сүйүү аркылуу гана түзүлүш керек деп эсептешкен. Ошентип, жаңы доордо акырындап личносттун индивидуалдуулугу, никеде жана үй-бүлөдө жакындык, ата-энелердин балдарга карата прогрессивдүү мамилелери биринчи орунга чыгып, жубайлардын союзунда бири-бирин сыйлаган, сүйгөн адамдарды көрө башташкан. Никелешүү укуктук-коммерциялык келишим катары кабыл алынгандыгына карабастан анын туруктуулугу, бекемдиги жубайлардын ички сезимдеринен көз каранды экендиги даана байкалган. Үй-бүлө куруу үчүн чечүүчү факторлордун катарына романтикалык сүйүү, өмүрлүк жарды эркин тандоо кошулган. “Үй-бүлө – коомдун негизги уячасы, анда эркек киши

үстөмдүк кылышы керек" - деген идеяны жактаган окумуштууларды (Аристотель, Т. Гоббс, М. Монтескье, Ж.Ж. Руссо, Гегель, И. Кант ж.б.) патриархалдык теориянын өкүлдөрү деп атоого болот.

XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын башына чейин үй-бүлөнүн өнүгүшүн талдоодо антропологиялык жана этнографиялык изилдөөлөр маанилүү роль ойногон. Мындай окумуштуулардын сап башында И.Я. Баховен, Л.Г. Морган, Б. Малиновский, Ф.Энгельс турушат. Бул мезгилде үй-бүлөдөгү туугандык байланыштар матриархалдык жана патриархалдык системалардын айкалышында изилденген. Белгилеп кетүүчү жагдай Ф.Энгельс өзүнүн "Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы" деген эмгегинде биринчи жолу үй-бүлөнүн жана үй-бүлөлүк баалуулуктардын түрлөрүнүн эволюциялык өнүгүүсү жалпы тарыхый шарттардын өзгөрүүсүнөн көз каранды болорун көрсөткөн. XIX жана XX кылымдардын тогошуусунда социалдык жашоонун өнүгүшү, татаалдашы менен европалык маданият жалпы сенектикке (кризиске) учурагандыктан үй-бүлөдө да сенектик (кризистик) абал пайда болгон. Нике барган сайын эмоционалдык нукка түшүп, мурдагыдай экономикалык, саясий кызыкчылыктарды коргобой калган. Иш жүзүндө үй-бүлө өзүнүн материалдык колдоо функциясын жоготкон, анткени өндүрүштүк, билим берүү, диний институттар өнүккөн сайын оорулуулар менен карыларга кам көрүү улам-дан-улам мамлекеттик деңгээлге чейин көтөрүлгөн. Үй-бүлөнүн көпчүлүк функцияларын башка социалдык институттар аткаргандыктан үй-бүлөлүк баалуулуктар олуттуу өзгөрүүлөргө учурайт. Жаштар мурдагыдай ата-энелеринин макулдугу менен баш кошпой, никеге чейин эле жыныстык жакындыкта болуп, өз каалоолору менен турмуш куруп башташат. Нуклеардык үй-бүлөлөр көбөйүп, бир нече муундардын өз ара туугандык мамилелери өзгөрөт. Патриархалдык системанын бузулушу жубайлардын жана ата-эне менен балдардын ортосундагы карым-катнаштын татаалданышына алып келет. Инсандык керектөөлөрдүн ичинен балалуу болуу муктаждыгы барган сайын төмөндөп, өз актуалдуулугун жоготот.

Никенин жана үй-бүлөнүн маданий өнүгүшүн талдап көрсөк Байыркы Египетте нике көбүнчө бир туугандардын ортосунда түзүлгөн келишим катары каралган. Себеби атадан калган мурас менен бийликти колдон чыгарбоо башкы маселе катары каралган. Көпчүлүк фараондор өздөрүнүн эже-карындаштарына, алтургай кыздарына үйлөнүшкөн, ошентип такты, династияны жана ата-энеден калган малк-мүлктү сактап калышкан. Мисалы, ханыша Клеопатра алгач агасына, анын көзү өткөндөн кийин инисине турмушка чыккан [1, 25-б.].

Байыркы Грецияда цивилизациянын очогу деп эки шаар эсептелген: Спарта жана Афины. Бул экөөндө никеге жана үй-бүлөгө карата ар башка көз караштар калыптанган. Спартада никеге туруу салты колуктунун ала качуу жөрөлгөсү менен башталган, күйө 30 жашка чыкканга чейин аскердик казармада жашаган, ал түндөсү гана уурданып келинчегине жолугуп кетип турган. Спартанын эркекетеринин басымдуу бөлүгү согушкер болгондуктан негизги баалуулук катары алардын аскердик кызматы эсептелген. Көбүнчө алар жортуулда жүргөндүгүнө байланыштуу колунда бар аялдардын эркиндиги чектелген эмес. Алар күйөсү жок кезде башка эркек киши менен жашай алышкан, кээ бир ушундай аялдардын экиден үйү, экиден күйөсү болгон. Ал эми Афиныда тескерисинче аялдар күйөлөрүнөн же аталарынан укуктук, каржылык жактан көз каранды болушкан. Алардын мойнуна үй-тиричилигине кам көрүү, балдарды кароо түйшүгү толугу менен жүктөлгөн. Бир нече кылымдар бою Афиныда күйөсүнүн көзүнө чөп салган аялды өлтүрүүгө да мыйзам жол берип келген [1, 28-б.].

Байыркы Римдин падышасы Ромула алгачкылардан болуп нике жана үй-бүлө жөнүндө мыйзамдарды жазган. Бул мыйзамдарга ылайык никеге турган аял күйөсүнүн мүлкүнө тиешелүү болот, ошондой эле ал күйөсүнүн кулк-мүнөзүнө толугу менен ылайыкташуусу зарыл. Римдин тарыхында эркектер аялдарынын жана күйөгө чыга элек кыздарынын үстүнөн толугу менен бийлик жүргүзүүгө укуктуу болушкан. Байыркы Римдеги мыйзамдар күйөлөргө аялдары төмөндөгү нерселерди жасаганда жазалоого укук берген: жубайлык милдетин аткарбаганда, күйөсүнүн көзүнө чөп салганда, бойдон түшүрүүчү дары ичкенде, шарап сактаган жайдын ачкычын жашыруун жасатып алганда. Аялдардын шарап ичүүсүнө мыйзам катуу тыюу салган [1, 28-б.].

Ал эми кыргыз элиндеги нике жана үй-бүлө институттарын изилдөө күндөн-күнгө өнүгүп, ар кайсы окумуштуулар, изилдөөчүлөр өздөрүнүн ой-пикирлерин чагылдырып келүүдө. Ж.Ч. Тегизбекованын изилдөөлөрүндө кыргыз элинин адат укуктарынын нормаларына ылайык кыргыздарда никенин эки формасы: калың төлөнгөн нике жана калың төлөнбөгөн нике жашашкан. Андан башка нике жана үй-бүлө куруу мамилелерин жөнгө салган бир нече никенин формалары кыргыз элинин күнүмдүк турмушунда колдонулган:

1. Жакшылап алышуу (кудалашып, алдын-ала макулдашып никелешүү);

2. Бел куда (балдар төрөлгөнгө чейи эле ата-энелер алар чоңойгондо үйлөндүрүүгө макулдашып, кудалашат);

3. Бешик куда (бешикте жаткан мезгилде эки тарап кудалашып, кээде калыңдын бир бөлүгүн берип да коюшат);

4. Кайчы куда (келиндин кайын журту тараптан бир колуктуну келиндин төркүнү аялдыкка алат);

5. Левират (бир тууган агасынын же инисинин жесирин аялдыкка алат, көзү өткөн бир тууганынын балдары кароосуз калбаш үчүн жана жеңеси (же келини) башка күйөгө чыгып, балдарды тага журтуна жибербөө максатында);

6. Сорорат (балдызына үйлөнүү, өз эжесинин балдарын кичүү сиңдиси карап, жездесине аял болот);

7. Сөөк куда (туугандар бири-биринен алыстап кетпөө максатында өз уруусунан бирөө менен кудалашат);

8. Кыз ала качуу (ата-энеси каршы болгондо же башка себептерден улам кызды ала качып, нике кыйышат);

9. Күч күйө (жигиттин калың төлөө мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда кыздын үйүнө кирип, ошол үй-бүлөнүн мүчөсү болот) [5, 29-б.]

Кыргыз эли абдан байыркы эл, ошол эле учурда улуттук каада-салтын, үрп-адатын муундан-муунга өткөрүп, сактап келген эл. Оозеки-фальклордук чыгармаларда, эпостордо, макал-лакаптарда, поэмаларында, прозаларында үй-бүлөлүк баалуулуктарга басым жасап, аларды тарбиялоодо колдонуп, натыйжалуусун тандап, анча маанилүү эместерин бара-бара унутта калтырган, уникалдуу маданиятты алып жүргөн кыргыз журтчулугунун үй-бүлө институтун бекем аздектеп, көкүрөгүндө алып жүргөнү суктандырат. Демек, мындан ары да кыргыз элинин улуттук каада-салттарын, нарк-насилин изилдөө, аларды тарбия берүүдө колдонуу билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарына кириш керек деген ойдомун.

**Адабияттар:**


1. Райгородский Д.Я. Психология семьи. / Редакц. сост. / . - Хрестоматия. - М. Изд. дом «Бахрах-М», 2002. - 752 с.
2. Семенов Ю.И. Происхождение брака и семьи. - М.: Изд. Мысль, 1974. - 311 с.
3. Зидер Р. Социальная история семьи в Западной и Центральной Европе (конец XVIII начало XIX вв). / пер. с немецкого - М.: Гуманитарный изд. центр ВЛАДОС, 1997.
4. Дмитрийчук А.Ю. Гуманитарные ведомости ТГПУ им. Л.Н. Толстого, №1 (25) от 04.2018 г.
5. Тегизбекова Ж.Ч. Регулирование брачно-семейных отношений по обычному праву кыргызов. - Б., 2015. - 203 с.